# ВАХХАБИЛИК

. Проф., докт. Этем Рухи Фыглалы
(Которгон А.Сатыбалдиев)

Ваххабизм мындан эки кылым мурда Арабистан жарым аралында Мухаммед бин Абдулваххаб (1115-1206) тарабынан негизделген. Учурда бул агым Арабстандын расмий мазхабы катарында кабыл алынган. Болжол менен эки кылым мурда Арап жарым аралынан едж аймагынын айланасында Мухаммед б. Абилвеххаб (1115-1206) тарабынан курулган Вахабийлик азыркы мезгилде Саудиялык Арабистандын мамлекеттик месхеби болуп эсептелет катарында. Мысыр, Индия, Африка жана башка кээ бир Ислам өлкөлөрүндө колдоочулары бар.

"Ваххабий" аты куруучусунун жашоосунда тарапкерлери тарабынан берилген. Бүгүнкү күнү да бул ат менен таанылууда. Ваххабиликке Түрк тарыхында "Харижилик" кыймылы болуп көрүлгөн жана ошол ат менен аталган. Алдыда көрүлө тургандай, мамилелериндеги катуулук ыймандарындагы таасиб жана өз ишенимдерине баш ийбегендерди сөгүү менен күнөлөө жагынан Вахабилик менен Харижиликтин ортосунда окшоштуктарды жолуктуруу мүмкүн. Муну менен бирге Ваххабийлер өздөрүн "Мувахридун" деп аташып жана Ибн Теймийе айтканындай Ахмед б.Ханбелдин месхебин уланткан Суннилер деп эсептешет. Алар "Биз ишенимде Селефтин амалда болсо Ханбелдин месхебиненбиз" дешет. Түпкү тамырын карасак Ахмед б. Ханбел ишеним жагынан Селеф месхебинин эсерийе тармагынын өкүлү. Анын амалдагы жолу дагы ушул. Ошондуктан биз амалда жана ишенимде Ханбелибиз, Ваххаби деген нерсе жок. Мухаммед б. Абдилвеххаб илими менен жана кыймыл-аракети менен бул месхебти жаңылаган Шейхулислам болуудан башка эч нерсе эмес дешет. Бирок булардын амалда жана ишенимде жаңы көптөгөн мыйзам кабыл алышканын, таассубдан кан төгүлгүдөй ашкындыкка баргандарын, пикир жана сезим эркиндигин тааныбагандарын, көптөгөн маселелерде Ахмед б. Ханбел жана Ибн Теймийеден айырмалангандыгын айткандар бар. Бул жагынан Ваххабилик эгемендүү месхеб катары колго алынышы керек.

## Тарых

Агымдын куруучусу Мухаммед Ибн Абдилвеххаб 1115-1703- жылы азыркы Рияд шаарына жакын болгон Уйейне айылында төрөлгөн. Алгачкы билим алуусун Уйейнеде кады болуп иштеген атасынын жанында бүтүргөн, Ибн

Абдилвеххаб кийинчерээк Мекке жана Мединеде окуган. Бул жерде Ибн Теймийенин пикирлери менен таанышып, кийин ал жерден Басрага кеткен. Ал жерде тевхид темасында тартышкан жана диндин түздөн-түз Куран жана Сүннөттөн үйрөнүлүүсү керек экендигин айткан. Кийинчерээк 1139-1726-жылы Риядын түндүгүндөгү Хурреймила шаарчасына келген. 1153-1740-жылы атасынын өлүмүнө байланыштуу "Эль-Эмру биль-Маруф вен- Нехйуаниль-Мункер" (Жакшылыкты буйруу жана жамандыкты тыйуу) принцибин жарыялап, бул пикирди Недж регионуна жая баштаган. Хурреймиладан кайра Уйейнеге келип, ал жердин башчысы Осман б. Хамд б. Муаммер менен достук курган. Ал тургай аны өзүнүн ай-пикирине чакырып, Алахтын динине жардам кылса, Аллах аны Недж регионунун соту кылаарын айткан. Кийинчерээк Эмир Османга Деририйе менен Уйейненин ортосунда кичине Эль-Жебиле 12-634 мазарын Аллахтын Расулунун буйруктарынын тышында мавзолей кылынганын жана адамдардын келип-кетишин, мавзолейлердин кишилердин динден чыгууларына себеп болоору үчүн жыгууну сунуш кылат жана бул сунушу кабыл алынып, ал жердеги мазар жыгылат жана ал тургай бак-дарактар дагы жок кылынат.

Ошентип Ибн Абдилвеххаб Уйейне шаарчасынын эң көрүнүктүү адамы болуп калат. Бирок ал өз ой-пикирлерин кыйноо менен кабыл алдырууга мажбур кылышы, калкты коркута баштайт жана Нежд регионунун күчтүү урууларынан бири Халид уулдарынын башчысы Сулейман б. Урейирге кайрылышып иш чара табуусун талап кылышат. Ал болсо Уйейненин башчысынан аны олтуруусун же сүргүн кылынышын талап кылат.

Мындан кийин Ибн Абдилвеххаб Риядка өтө жакын болгон Деририйеге келет. Ал жерде башчы Мухаммед б. Сууд менен макулдашат жана Ваххаби мамлекетинин фундаменти курулат. (1157-1744).

Бул келишим менен Мухаммед б. Абдулвеххаб пикирлерин коргоо үчүн жана жайюу үчүн күчтүү материалдык күч жана колдоо, Мухаммед б. Сууд дагы бул пикирлердин мүмкүнчүлүгүнөн пайдалануу менен өзүнүн регионун чоңойтуп, жана өкүмчүлүгүн көбөйтүп, Араб жарым аралына ээлик кылууга мүмкүнчүлүк табат.

Ибн Абдилвеххаб Деририйеде "Китабут-Тевхид" аттуу китебиндеги көз караштарды жайууга, адамдарды дос тутуу жана бидадттардан кутулуп, динге кирүүгө чакырыгын баштады. Өздөрүнө баш ийбегендерди, кыскасы анын оюу боюнча чыныгы ак динге кирбегендерди кылыч менен жолго сала ала тургандыгын ойлоп табат. Ал адамдардын туура жолдон чыккандыгын, мазарды жана мавзолейди зыярат кылгандыгын уюмдарга кирүү же болбосо иштердин айынан тевхид ишениминин бузулгандыгын, ошондуктан алардын ширкке баткан мушриктер экенин айтып, кан жана буюмдарынын өздөрүнө ишенген колдоочуларга алал болгонун жарыялады. Бардык бул даярдыктар ансыз деле бул түрдүү иштерге мустаид болгон Неждин калкына жазиб келген. Чынында Недж региону Аз. Пайгамбар (с.а.с) мезгилинде мусулман болуу мене бирге өтө мурда Йемен жана Аден, Иран жана Индия, Ирак жана Шамдын таасиринде ар кандай диндерге сахна болгон. Аз. Пайгамбардан кийин Мусейлеметуль-Кеззаб, Сежах, Тулейха жана Эсведуль-Ансиге окшогон жалганчы пайгамбарлар бул региондон чыгышкан. Кийинки мезгилдерде ар кандай мыйзамга каршы чыккандар да ушул жерлерден көрүнгөн. Кыскача көтөрүлүшчү рухтуу жана чабуулу мутемаил эле, ошондой эле билимсиздик кеңири болчу. Бул түшүнүктөгү региондун калкына Ибн Абдилвеххабдын колго түшкөн байлык тууралуу айткан сөздөрү оңтойсуз келген. Аз бакыт мурда басып алууга жана

чабуулда колго тушкөн байлык бул жолу Ибн Абдилвеххабдын -Тевхид динин жайуу үчүн согуш деп ыйыкталып жана таанымал боло баштаган. Ушундайча бул жаңы ойлорду кабыл албагандар кылычтан өткөрүлүп жана буюм, байлыктарынын бештен бири деген мыйзамга ылайык мамлекетке бөлүнгөндөн кийин калганы согушкандардын арасында бөлүштүрүлгөн. Биздин ойубузча бул иш Ибн Абдилвеххабдын ойунун чөлдө ревач табып, колдоочу табуусунун маанилүү себептеринен бири болгон.

Ибн Абдилвеххаб 1206-1792 жылы өлгөндөн кийин бул кыймылдын Мухаммед Ибн Сууд тарабынан баштатылган саясий опозициясы дагы бир оорчулукту алып келет. Ибн Сууд мезгилинде эле баштаган топурак басып алуучулук кыймылдары, анын өлүмүнөн кийин (1179-1766) уулу Абдулазиз тарабынан улантылат. Мындай ылдамдык менен жер басып алуулары жана Неждке ээ болуулары Осман мамлекетинин Османлы өкмөтүнүн Орус жана Иран согуштары менен алек болуулары жакшы себеп болгону шексиз. Османлы өкүмөтүнүн бул күчсүздүгүнөн пайдаланып, журеттерин ала алышынча көбөйткөн Вахабилер Басра булуңунун айланасында өкүм кургандай Нежефде Шилер менен болгон тартышууда кээ бир Вахабилердин өлтүрүлүшүн жалган деген Абдулазиз б. Сууд 10 Мухррем 1802-жылы Карбела чогулушуна катышкан миңдеген адамды кылыч менен өлтүргөн жана Аз. Хусейиндин күмбөзү буздурулган. Кийинчерээк көздөрүн Таиф, Мекке жанак Мединеге бурган Ибн Сууд 1803-1806-жылдарда бул жерлерди да басып алат жана калкына -Силердин диниңер бүгүн улуулук даражасына жетти. Исламдын ырыскысы менен урматталып Кудайды өзүңөрдөн ыраазы кылдыңар. Мында ары аабаа жана тууганыңар туура эмес ишенимдерине сүйүү жана жактыруудан жана аларды берекет жана жакшылык менен эскерүүдөн тартынгыла жана корккула. Тууганыңар ширк үчүн өлдү... Аз.Пайгамбардын мазарынын жанында мурда мурункудай топтоп таазим үчүн салат-у-салам келтирүү, мезхебибизче таанылбаган... Ошондуктон ал жерден өткөндөр окубастан өтүшү керек жана бир гана (Эс-Селаму ала Мухаммед) деп салам бериши керек дегенге окшогон чынында жиндидей жана аябагандай жүрөктүү түрдө сөз сүйлөөдөн тартынбайт.

Ваххабийликтин коркунучтуу боло баштаганынын байкаган Осман мамлекети жана анын башчысы экинжи Махмуд (1808-1839) бул ишти Мысырдын башчысы Кавалалы Мехмед Али Пашага билдирет. Паша уулу Тосун башкарган армия менен 1812-1813жылдары Медине, Мекке жана Таифти Ваххабилерден куткарат. Кийинчерээк өзү Абдулазиз б. Суудка кол салат. Ибн Сууд таянса да 1814-жылы өлүмүнө байланыштуу Вахабилер бузулууга дуушар болот жана Кавалынын аскер башчысы Ибрахим Паша 1818-жылы Абдулазиздин орун ээлеген уулу Абдулазиз менен балдарын туткунга алып Станбулга жиберет жана 17.12.1819-жылы асууга өкүм берилген. Ошентип Вахабиликтин алгачкы мезгили аяктайт. Бирок Сууд уругунан согуштан качып кутулган Турки б. Абдуллах, Недж регионунда жаңыдан иш-аракетин жүргүзүп жана Рияддь борбор шаар кылып 1821-жылыдан 1891-жылга чейин сүргөн экинчи Вахабий мамлекетин курат. Кийинчерээк көптөгөн уруу тартышуулары болсо да Сууд уруусунан Абдулазиз б. Сууд 1901-жылы Ваххаби мамлекетин жандандырат. Өзгөчө Индия-Англис өкмөтүнүн колдоосун көргөн Абдулазиз б. Сууд Англичандардын 26-декабрь 1916-жылкы макулдашуусу менен Нежд, Хаса, Катиф, Жубейл жана өзүнө байланыштуу региондордун өкүмдары болуп таанылат. Бул макулдашууда Ибн Суудун өкүмдарлыгы кабыл алынууда, жана булардын өзүнөн кийин мурас түрүндө уул жана башкаруучулардын

Англичандарга каршы келбестиги, Англия өкмөтүнүн үгүттөрүнө баш ийе тургандыгы жана көптөгөн маселелер белгиленген. Англичандардын ортого кириши жана биринчи дүйнөлүк согушунун жеңиши менен аяктаганына байланыштуу Осмон мамлекети 1918-жылдын акырында Мединени бошотот.

Ошентип менен Ваххабилер 1921-1925-жылдары Хаил, Таиф, Мекке, Медине жана Жиддени колго алышат. Абдулазиз б. Сууд 1926-жылы январда "Нежд жана Хижаз Каролу" болуп кабыл алынат. 1927-жылы 20-майда Англия менен болгон макулдашуусунан кийин эгемендүүлүгүн жарыялайт жана Англичандар менен болгон алгачкы макулдашуунун оор шарттарынан кутулат. 1932-жылы 18-сентябрда Абдулазиз б. Сууд аты жөнүн "Араб Суудиййе Каролу" деп алмаштырат. Абдулазиз б. Сууд 1953-ж. 4-ноябрдагы өлүмүнө чейин Суудиялык Арабиянын Каролу болуп 1912-ж. курган аскердик жана саясый комитетинин негизин түзгөн өкүлдүк жана ошондой эле күчсүз болгон ваххаби түшүнүгүн жандандырган "Ыхван" комитетинин жардамы менен Араптарды кол астына алууга жетишкен.

Көз караштары. 1) Тевхид

Ваххабилик ишенимин курган Мухаммед б. Абдулвеххабдын пикирлеринин түбүн тевхид түшүнүгү түзот. Ширк, бидат, шефаат, ж.у.с. пикирлердин ойлордун баары тевхидге таянат. Эхли- Сүннөт теологдорунун көпчүлүгүнүн ою боюнча "Тевхид" Аллахтын өзгөчөлүк саппаттары жана кыймыл-аракеттери жагынан бирдениши; Анын ар түрдүү жаткан түгөйү, окшошу, жана ортогу жок дегенди түшүндүрөт.
Махаммед б. Абдилвеххаб тевхидди "Кешфуш-Шубухат" аттуу чыгармасында мындайча түшүндүргөн: "Тевхид, ыбадатта улуу Аллахты бир деп кабыл алуу". Тевхид Аз. пайгамбар билдирген эң улуу парз. Намаздан, орозодон жана ажылыктан дагы улуу.

Кандайча Расулуллахтын бардык үгүттөрүн өткөргөн кезде, бул парздардын бирөөнү кабыл этпесе капыр болот да, баардык Пайгамбарлардын ишенип келген тевхид ишенимин кабыл кылбаган капыр болбойт? Улуу Алла Таала Кураны Керимде бул тууралуу мындай деген: "Албетте Алла өзүнө шерик кылынуусун кечирбейт. Ошондон башка күнөөлөрдү Өзү каалаган пенделери үчүн кечирет. Ким Аллага (берер адамды же нерсени) шерик кылса, анда ал күнөө токуп чыгарыптыр". (Ниса сүрөсү, 4, 48). "Дагы (мага мындай буйрулган), өзүңдү ар дайым болгон динде (Исламда) карма, эч качан мушриктерден бөлбө жана Алладан башка сага пайда да, зыян да жеткире албай турган нерсеге дуба кылып, жалбарба! демек, эгер ушундай кылсаң, анда, албетте, заалимдерден болсоң! Эгер Алла сага бирер зыян жеткирсе, аны Өзү гана кеткизе алат. Эгер сага бирер жакшылык (жеткирүүнү) кааласа , Анын берешен -жоомартыгын кайтара алуучу жок. Ал Өзү каалаган пенделерине жакшылык жеткирет. Ал кечиримдүү мээримдүү". (Юнус сүрөсү, 10, 105-107).

Айрыкча пайгамбарыбыз бир хадистеринде, "Ла илаха иллалах деген жана кудайдан башка сыйына турган нерселерди танган кимдир бирөөнүн мал-мүлкүн алуу жана канын төгүү арам болгон; Анын жазасын кудай берет" деп буюрган. Бул аят жана хадистер тевхиддин Аллахтын бир экендигин таануу, ишенүү жана икрар экендигин көрсөтүүдө. Мухаммед б. Абдилвехабдын ою боюнча "Ла илаха иллаллах"ты тил менен эле айтуу адамдын мүлк жана каны үчүн жетиштүү көрүүчү эмес, тескерисинче айтылышы менен бирге маанисин билүүнүн икрар

этүүнүн, ортогу жок жалгыз Аллаха сыйынуунун, Аллахтан башка сыйыныла турган нерселерди таанибастыгына бул хадис адамдын мүлкү жана каны үчүн көрүүчү боло албай тургандыгын айткан. "Анын ойуна караганда жалгыз Кудайга ишенүү жүрөк, тил жана амал менен болушу керек. Булардын бирөө болбосо адам мусулман деп эсептелбейт". Ал бу темада караңгылык доорундагы арaптардын жүрүш-туруштарын мисал көрсөтөт жана "Расулуллах (А.С.А) өздөрү менен согушкан кудайга шерик кошкондор да Аллахтын бирдигине ишенишкен... Булардын кээ бирөөлөрүнүн күнү-түнү Аллаха дуба кылышканын жана кээ бирөөлөрүнүн Аллаха жакындык же шефаат нийети менен периштелерге, Латтай жакшы адамдарга же болбосо Аз. Ыйсага окшогон пайгамбарларга дуба кылып, алардан бир нерселерди сурагандарын" айткан. Ибн Абдулвеххаб үчүн караңгылык доорундагы арaптардын Кудайга шерик кошуусу бүгүнкү ширктерден дагыда жумшак. Бул темада мындай дейт: -Алгачкы шерик кошкондор бош жана кайгысыз болгон учурларда дос кошулат; периштелерге, олуяга жана путтарга корконунан көрүнүшү. проблемалуу мезгилдерде болсо жалгыз Аллаха сыйынуу менен кайрылып, калоолорун Андан суранышкан. Аллах төмөндөгүдөй буйрук кылат: "Деңизде силерге бирер мусибат- кайгы жеткен убакта, силер жалбара турган, (дуба кыла турган) буттар кайып болот, болгону Анын Өзү гана калат. Анан, Ал зат силерди куткарып, кургактыкка чыгарып койгон кезде, силер Андан жүзүңөрдү үйрөсүңөр. Чындыгында инсандар Кудайдын берген ырыскысын пайдаланып, бирок ага моюн сунбайт". (Исра сүрөсү, 67).

"Айткын (Эй Мухаммед): Алладан башка Кудай бар деген сөзүңөрдө чынчыл болсоңор, кабар бергимче, эгер силерге Алланын азабы келсе же кыямат кайым болсо, Алладан башкага жалбарып-дуба кыласынарбы?! Жок! Анын Өзүнө гана жалбарасыңар, анан, Ал эгер кааласа, силер жалбарып-дуба кылган нерсени (балээ-мусийбатты-кайгыны) арылтат. Аллага шерик деп биле турган буттарыңарды болсо унутуп жибересинер".
(Энам сүрөсү, 40-41).

"Куранда Аллах түшүндүргөн бул маселсин, башкача айтканда пайгамбар согуш жарыялаган мушриктер бош мезгилдеринде Аллахтан башкасына баш ийгендиктери, проблемалуу мезгилдерде болсо аларды унутуп жалгыз Аллаха жүз бурганын жана Ага шерик кошпогондорун түшүнгөн киши, күнүбүздөгү шерик кошуу менен мурдагылардын шерик кошуусунун ортосундагы айырманы да түшүнөт... Алгачкы мезгилдеги шерик кошкондор Аллах менен бирге Аллахтын буйругуна баш ийген, анын буйругуна моюн ийген пайгамбарларга, олуяга, периштелерге же болбосо таштарга жана бак-дарактарга баш ийишчү. Булардын бирөө да Аллаха каршы келбейт. Азыркы учурдагы адамдар болсо Кудай менен бирге эң күчтүүлөрүнө баш ийишип аларды улуулатышат. Булар чекти ашкандар, зына кылгандар, уурдагандар, намаз кылбагандар ж.б.у.с кишилер. Жакшы кишиге же болбосо таш жана бак-дарактарга окшогон Кудайга Аллаха каршы келбегендерге баш ийүү, фасыктыкты, бузгунчулугу ачык-айкын билинген кишиге баш ийүүдөн жумушагыраак. Ибн Абдулвеххабдын ойу боюнча бирдик ишеними үчкө бөлүнөт. Алгачкысы Теңирдин ысым жана сапатарында бирдик; башчысы кудайдыкта бирдик, Аллахтын баардык нерсенин падышасы жана жаратуучусу экенин билүү жана кабыл алуу. Үчүнчүсү болсо "Тевхидиль-Улухийет". Мухаммед б. Абдулвеххабдын түшүндүргөнүнө караганда кулдардын кыймылдары менен Аллахтын бирдешүүсү. Бул кулдун ачык жана жашыруун түрдөгү сөз жана кыймылдарын жаратат. Тевхидуль-Улухийет досу болбогон

Аллахтан башкага дуба жана жалбарууда болбоо, башкадан жардам күтпөө чоң периште жана бир Пайгамбар үчүн да курмандык чалбоо болуп саналат. Аллахтан башка бирөөдөн жардам сураган, Аллахтан башкасына курмандык чалган жана незреткен киши каапыр.

Буга жараша Аллахтын буйруктары жана Пайгамбарынын Сүннөтүнүн тышында буйрук жана тыйуу тааныбастан, Пайгамгамбардын мезгилинде болбогон баардык нерсени жана тевессулду четке кагып Аллахтын жалгыз экендиги Тевхиди -Амели делет. Ыйман менен согушту ажыраткан бул амалдуу тевхид. Бул тевхид ишенимин аткарбаган, башкача айтканда Аллаха дос кошкон, таазимди жана ыбадатты жалгыз Аллах учун кылбаган, жардамды Аллахтан сурабаган, анын арам калгандарынан алыстабаган адам капыр жана буга окшогондордун мүлктөрү жана жандары алал жана "анык тарапкерлерге бул мушриктерге чабуул менен буларды өлтүрүү жана буюмдарын талап-тоноо алал болуп эсептелет"

Ошентип Ибн Абдилвеххаб бул темадагы катуу кыймыл ааракети менен Харижилерди тууураган. Билингендей Харижилер да Ваххабилердей болуп амалды ыйманга кошуп намаз, орозо, ажылык жана башка .у.с буйруктарды аткарбагандары каапыр дешкен. 1802-жылы 20-майда Хажжи Хумаюнда болгон жыйынтыктоолорго караганда ваххабилер амал ыймандын бир бөлүгү экендиги темасында Ибн Теймийеге кошулат жана алардын ою боюнча парз болгондорду жалкоолук же кабыл албоо үчүн баш тарткандар капыр, мал-мүлкү жана каны алал._ Ваххабилер амал ыймадын бир бөлүгү экендигине ишенгендери үчүн парздардын бирөөсүн кабыл албаган кишини динден чыккандай көрүшкөн жана өздөрүнөн бөлбөгөн, өздөрүндөй кыймыл-аракет кылбаган мусулмандарды шерик кошкондор деп эсептешкен, ошондуктан буюмдары жана жандары өздөрү үчүн алал экендигин кабыл алышкан.

Эхли-Суннет "Тевхид ишеними" Ибн Абдилвеххабдын түшүнүгү боюнча өтө тар калыпта колго алган эмес жана ага окшоп каалаган чечмөөлөргө барган эмес. Бул түшүнүк менен ал Эхли-Сүннөттөн алыстап жатат. -Амалда жана ишенимде Ханбелибиз дегендери менен Ахмед Ибн Хайбелден да алдыга кетишкен. Ахмед Ибн Ханбелдин көз-карашы боюнча ыйман сөз дагы, амал дагы. Ыйман жакшы амалдар менен калыптанат, жаман амалдар менен азят. Адам жаман амал менен ыймандан чыгат, бирок тобо кылганда кайра ыйманга кайтат. Аллаха дос кошкон, парздардын бирин кабыл албагандыктан Исламдан чыгат. Жалкоолуктун айынан парздардын бирөөнү таштаган менен көңүл бурбаган адамдын иши Аллаха калган; Ал кааласа кечирет, кааласа азап берет._ Ибн Ханбелге караганда ыйман жүрөк менен сезүү (ишенүү), тил менен сүйлөө жана аны аткаруу амал болуп эсептелет. Ислам болсо сезүү жана сүйлөөдөн турат. Ошондуктан Аллаха дос кошпоо, Куран жана Сүннөттө орун алган буйруктан баш тартпоо шарты менен амалда көңүл бурбоо болсо Исламдан чыкпайт.

Согуш болсо дос кошуу жана кабыл албоо болуп саналат. Ибн Абдулвеххаб же башкача айтканда Ваххабилер амалды аткарбагандарды ыймансыздык менен күнөөлөшүүдө жана ошентип Мусулман жамаатынан ой пикирлеринен алыстакан.

2. Шапаат

Шефаат бирөөнүн кечирилишине далилдик кылуу маанисинде. Ибн Абдилвеххаб шапаат темасындагы ой-пикирлеринде Ибн Теймийенин жолу

менен кеткен жана Кураны-Керимдин бул аятын далил катары көрсөтөт: “(Алла) алдында жалаң Анын Өзү ыраазылык берген кишилерге гана шапаат колдоо пайда берет (тактап айтканда, дал ошол заттар гана шапаатка жетишишет, же өзгөлөрдү шапаат кыла алышат......” (Энам сүрөсү, 51).

“ (Алла) алдында жалаң Анын Өзү ыраазылык берген кишилерге гана шапаат-колдоо пайда берет (тактап айтканда, дал ошол заттар гана шапаатка жетишишет, же өзгөлөрдү шапаат кыла алышат).....” (Сабаь сүрөсү, 23).

“Айткын: бардык шапаат-колдоо жалгыз Алланыкы. Асмандар жана Жердин падышалыгы да Аныкы. Кийин (бардыгыңар) жалгыз Ага гана кайтарыласыңар” (Зумер сүрөсү, 44).

“Асмандарада канчадан-канча периштелер болуп, ошолордун колдоолору да эч бир пайда бербес, бирок Алла Өзү каалаган жана ыраазы болгон кишилер үчүн (колдоого) ызын-уруксат бергенинен кийин гана (ал колдоонун пайдасы тиет)” (Нежм сүрөсү, 26).

Эхли-Сүннөттүн месхептеринин баардыгы шапаат Аллаха байланыштуу жана Аллахты уруксаты менен болоорун айтышат. Мунун мындай болушу да акыйкат, анткени ал бардык нерсенин ээси, падышасы жана тилегени болуп эсептелет. Бирок Эхли-Сүннөт Аз. Пайгамбардын жана улуу инсандардын шафаат акыларынын бар экендигин да кабыл алышат. Чынында Ибн Абдилвеххабда Аз. Пайгамбардын шафаатынын бар экендигин кабыл алат жана Анын шефаатын күткөндүгүн айтканда кийин “Бирок шафаатын баардыгы чынында Аллахтыкы” дейт жана ага улап: “Ошондуктан шефааты Аллахтан тиле жана мындай де -Аллахым! Мени анын шапаатынан узак кылба... Аллахым, аны мага шафаатчы кыл... Эгер Аз. Пайгамбарга шапаат кылууга уруксат берилген; мен болсо андан Аллахтын өзүнө бергенинен каалайм десе, бул жоопту бер: “Аллах ага шефаатты берген жана сени мындан алыс калтырган. Мындай деген: (Жин сүрөсү, 18-аят) Эгер Пайгамбардын сага шапаатчы кылуусун кааласаң Ага баш ийип буйруктарын орундат. Ошондой эле пайгамбарлардан башка, мисалы, периштелрге, улуу адамдарга кичине кезинде каза болгон жаш балдарга шафаат укугу берилген. Бул учурда сен Аллах аларга шафаат укугун берген; Мен аны алардан тилейм дей аласыңбы? Эгер ооба десең Аллах Китебинде аяндагандай улуу адамдарга ыбадат кылуудан кайткан болосуң. Жок десен -Аллах шапаат укугун ага берген, мен болсо Аллахтын өзүнө бергенинен каалайм” деген сөзүн чириткен болсун.

Ага караганда “Алла Таала да шерик кошкондордун Кудайдын бар экендигине шенгендерин, бирок, периштелерге, пайгамбарларга, улуу адамдарга кучак жайып мына булар Аллахтын жанында биздин шафаатчыбыз деп жамандыкка баргандарын баяндайт... Эгер, дешсе каапырлар түздөн-түз алардан каалайбыз дешсе; биз болсо пайдалуу жана зыяндуу иштерди жасаган жана башкарган жалгыз Аллах экендигине ишенип, күбө болуудабыз. Биз баардык нерсени жалгыз өзүнөн тилейбиз. Жакшы адамдар эч нерсе кылышпайт, бирок биз аларга бурулуп жана шефаатарын Аллахтан күтөбүз. Аларга “Бул бирган каапырлардын сөзү”-деген.

Бул жерден баштап Ибн Абдилвеххабдын ою боюнча шафаат менен бирге колго алынган тевессул темасы ортого чыгат. Тевессул, бир нерсени себепкер кылуу маанисинде. Себеп болсо өзү менен башкасына жакындашкан нерсе деген мааниде. Бүгүн Ислам жана Сүннөткө баш ийгендер көптөгөн себептердин айынан Исламдан чыгып жатышканын билишсин. Булар кээ бир шейхтер, Али б. Талиб, Мессия темасындагы четтен чыгуулар.. Мисалы эй адам мага жардам

кыл, мени колуман тут, мага ырыскы бер...ж.б.у.с. сөздөр. Булардын бардыгы дос кошуу жана аны сүйлөгөн адамдын тобо кылуусун зарыл кылган туура эмес жолго түшкөндүк. Тобо кылышса жакшы, болбосо өлтүрүлөт. Өзү менен Аллахтын ортосунда, өзүнө тевессул эте турган, аларга жалдырай турган жана жардам сурай турган ортокторду койгон киши жамандыкка кирген болот.

Ваххабилердин бул ойлору менен улуу кишилерди жана олуяларды белгилгендери анык. Алардын ою боюнча -Тасаввуф Исламдык болбогон бидат... Уюм болсо башкалардын жакшы оюн жамандыкка колдонуу үчүн себепкер жана туура жолду көрсөткөндүн өзүн жолдон чыгышына себепкер жол. Мистиканын мукаашефе деген нерсеси тап-такыр түпсүз. Башкалардын өзүнүн жолуна түшүүлөрүн каалашы болсо, диндин ичинде дин пайда кылуу. Алардын ою боюнча мусулмандардын арасында жол башчылардын тирүү жана өлгөн кезинде да андан пайдалануу укугуна ээ болгонуна ишенип, жардам сурашууда жана аларга тевессул кылгандар да бар. Кумбөздөрүнө барып кереметтерин далил кылып өз тилектери үчүн жалдырашууда. Алардын гавс, кутуп, абдал, кырктар, жетилер, үчтөргө окшогон даражаларга бөлгөндүгү жана буларга аза тутуу жана курмандык чалуу мүмкүн экендигин айтышууда. Бул сөздөр мааниси менен ифрат. Бул сөздөрдө түбөлүккө азап чегүү жана жок болуу бар. Булар китеп, имамдардын ишенимдери жана пайгамбарга ишенгендердин баардыгынын образына каршы чыгуу болуп эсептелет. Кураны-Керимде, "Ким акыйкат жолду анык билгенден кийин пайгамбарга каршы иш кылса жана момундардын жолунан башка жолго ээрчип кетсе, Биз аны кеткен жагына кое беребиз. Кийин тозокко киргизебиз. Ал канчалык жаман жай!" (Ниса сүрөсү, 115) Эвлианын жашоосуу жана өлүмүнөн кийин укугунун бар экендиги тууралуу сөздөрдү болсо Улуу Аллах "Асмандагы жана жердеги бардык мулк Аллага таандык. Алла бардык нерсеге кудуреттүү!" (Али-Имран сүрөсү, 189) аятын кабыл албайт; себеби Аллах жаратуу, чара көрүү, каалагандай колдонуу, маани берүү темасында жалгыз өзү эле. Андай болсо Аллахтан башкасына жалынуу жамандык дос кошуу жана туура эмес жолго түшүү".

Мухаммед б. Абдилвеххабдын шафаат жана тевессул темасында да Эхли-Сүннөттүн түшүнүгүнөн айрымаланган түшүнүккө ээ экени белгилүү Башкача айтканда Эхли-Сүннөт шапаат албетте Аллаха тийиштүү жана бир гана анын уруксаты менен Аз. Пайгамбардын чоң жана кичине күнөө кылган момундарга шафаатынын ак болгондугуна ишенет жана шапаат Китеп, Сүннөт жана маңызы менен орундатылат. Айрыкча Вахабилердин тевессулду ибадат түрүндө түшүнүп, каршы чыгуулары да туура эмес; себеби ибадат Аллахка акысыз ишеним менен баш ийүү кулдук кылуу Тевессул болсо бир нерсеге жакындоо жана катчы кылуу. Көрүнүп тургандай тевессулдө кулдук жок бирок урмат бар Ошондуктан сахабалардын Расулуллахка болгон урмат-сыйына жана өлүмүнөн кийин да анын жана улуу кишилердин катчы кылынышы Эхли-Суннеттин бүтүндөй кабыл эткен жана бүтүнү менен Курандын рухуна жарашыктуу кыймыл.

Мистика тууралуу чыныгы эмес жана меснетсиз ойлоруна келгенде... Тасаввуф үчүн бул жерде узун ачыктоолорго керек эмес, себеби тасаввуф баарынан мурда Исламдын өзү жана руху. Озсуз жана рухсуз диндин боло албай тургандыгына караганда Исламда мистиканын болушу чындык жана туура. Мистика аалымдары өз менен рухтун өзгөчөлүгүн белгилөөдөн башка максат кабыл алышпаган. Алардын максаты Куран жана Сүннөттү напыстык каалоолорго жараша эмес итологиялык буйрукка жараша түшүндүрүү жана

жашалышы. Аллахты көрүп тургандай ыбадат кылуу жана Ага байлануу чынында Исламдын бүткүл маанисин туюундуруп турат. Ошондуктан Ваххабилардин мистиканын Исламий эместиги туурасындагы сөздөрү башынан аягына чейин ката. Мистиканын Исламий болбогондугун айтуу, бул баарынан мурда Исламдын, башкача айтканда Куран жана Суннеттин "Кунхуне" ичке өтө албоо жана булардын баш тартылгыс жашоонун принциби катары курулуштурула албай буюм катары көрүү. Мистика адамды Куран жана Сүннөттүн түпкү максатынын ичинде эң жакшы, эң кооз жана эң сонун түрдө түшүнгөн жана анын Аллах менен өзүн-өзү жана башка адамдар менен байланышын жогорку даражага чыгарган. Илимдердин медресесиз ойлонулбашы сыяктуу мистиканын да селдесиз ойлонулушу мүмкүн эмес. Ошондуктан диндин жайлышында жана өзгөчө биздин тарыхыбыз боюнча Анатолиянын исламдашуусунда мистика аалымдарын жана селделердин көргөн чоң кызматты эч ким көрмөксөн боло албайт. Исскуство, музыка, адабият, деп, эрдик жагынан эң сонун мисалдарды, үлгүлөрдү тартуулаган селде ошол эле мезгилде "Калкка кызмат Теңирге кызмат" түшүнүгүн он чоң бөлүктөр жоомортча сунган жана тартиптүү түрүндө тешеххус эттирген. Бардык организацияларыбыздай мистика менен селденин да ичинде жашаган жамаатын шарттарынан ажыратылышы албетте йлонуу мүмкүн эмес. Жамаатын башка организацияларында көрүнгөн аялдын артта калуу ал тургай чөгүү, селделерде да көрүнгөн бир мезгилдин жандуу курулуштары адилетүүлүк менен карангылык алдына түшкөн. Бул организациянын белгилүү бир мезгилиндеги туура эмес кыймыл-аракетине каршы анын бардыгын жамандоо бир гана (караңгылыктын жана бул эң көркөмдүү курулуштан коркуунун демонстрациясы болбогондо, анан эмне? Эң керектүүсү адамдын дайыма Аллах алдында экендигин билүүсү,мунун практикалык көрүнүшү мистика менен селде.

Бул жерде мистика, селде, жана жетекчилердин Вахабилердин алдындагы корубайбыз: анткени алар өтмүш тарыхы менен буга да муктаждыгын сезишпейт. Алар башкалар эмне десе дешсин, " Сен өзүңдү эртели кеч Раббилеринин жүзүн-ыраазылыгын эңсеп. Ага жалбарып -дуба кыла турган заттар менен бирге туткун! Көздөрүн дүйнө-турмушунун кооздуктарын көздөп алардан өтүп (өзгө, мал-дүйнө ээлерине карабасын!) Дагы, биз дилин Бизди эстөөдөн бейкапар кылып койгон, көңүл-кушун ээрчиген жана кылаар иши ысырапкерчилик болбогон адамдарга моюн сунба!" буйругу менен Аллага тиби менен эмес, түбү менен, башкача айтканда журөктөн байлануунун улуулугу жеткен бактылуу жамаат.

Бидат

Ибн Абдил Веххаб бидат темасында Ибн Теймиййеге кошулат жана андан дагы ашат. Анын оюу боюнча "Аллахтын китеби жана Пайгамбарынын суннетинде болбогон бир нерсени (бидат) ортого койгон адам жаман жана ал ортого койгон нерсе эсептелбейт" "Сахих хадистерге караганда пайгамбарда (А.С.В.) "Ар жанңлык бидат жана ар бидат жамандык" деген" деп айткан М. Ибн Абдилвеххаб бул маселеде Ахмед б.Ханбелдин мындай дегенин баяндайт: "Хадистердин" сенеттердин жана ден-соолугун (сыпатын) билип туруп Суфян (ес-Севри:олгону:161-777) ойлоруна кошулган жамааттарга таң калам. Мындай жагдайда Улуу Аллах мындай дейт "......(Пайгамбардын буйругуна каршы иш

кыла турган кишилер өздөрүнө бирер фитна-кайгы калышынан же чыдагыс азап жетип калышынан сакталышсын!" (Нур сүрөсү,63). М.Ибн.Абдилвеххаб ардайым -Бузгунчулук эмне экенин билесиңби? Бузгунчулук бул дос кошуу" дейт. Ибн Абдилвеххабдын небереси Абдуррахман S. Хасан Ахмед б. Ханбел билдирген бир ойдун чечмеленишинде айрыкча Ибн Аббасты далил кылып "Аллахты укпаган жана пайгамбардан(С.А.С) башкасын улуу көрсө ал бизден эмес" - дейт. Алардын ою боюнча боюнча Китеп жана Суннетте болбогон баардык нерсе, башкача айтканда бидаттар жамандыктын белгилери. Айрыкча -ишенич тууралуу келамчылардын алал жана арам тууралуу укукчулардын сөздөрү ага далил боло албайт".

Ибн Абдилвеххабдын эң коркунучтуу ал тургай дос кошуу катары көргөн бидаттардын башында мазарлар, мавзелейлер келет.Алардын бул темада чынчыл экендигин Уйейнеде Зейд б. Эль-Хаттабдын мазарын жакканда көрүлгөн. Ошондуктан аларга кээ бир жазуучулар тарабынан "Мабед-жыгуучулары" аты берилген. Докт. А. Вехби Эдер Вахабииликтин агымына жагымдуулук көрсөткөн Ахмед Эминден буларды уккан: "Мусулмандардын Вахабиилерди жек көрүүсүндө дагы бир тема бар; Ал Вахабилер колго алган (басып алган) өлкөдө пикирлерин зордук менен сиңирүүгө аракеттенүүлөрү, адамдардын чакырыктарына ишенүүлөрүн күтүүлөрү. Меккеге киргендеринде исскуствого байланыштуу көптөгөн куббелерди жыгышты. Аз.Хатиженин турбеси. Пайгамбарыбыздын жана Аз.Эбу-Бекр төрөлгөн үйлөрдүн турбелери булар жыккан турбелердин биринчилери. Мединеге келишкенде болсо Теңирдин Элчисин мовзалейинин үстүндөгү көптөгөн коздукторды алып салышкан. Баардык бул кыймыл аракеттер мусулмандардын ачууланууусуна жана мээриминин жараланышына себеп болду. Кээ бир кишилердин тарыхый эсерлердин жок болушуна капа болду ... Кээ бирлери Исламдык мээримдин символу болгон Пайгамбардын мавзолейинин коздукторынын жок болушуна капа болушту. Ушинтип мусулмандардын ачууланышына алып келген себептер алмашты (өзгөрдү).

Ибн Абдилвеххабдын мазарлар туурасындагы ойлору Ибн Теймиййеден келүүдө. Алар Аз. Пайгамбардын "Бул уч мечиттен башкасы үчүн жолго чыгылбайт : Месжиди-Харам, бул менин мечитим жана Месжиди Акса"; "Аллах Эврей жана християндарды каргасын. Булар Пайгамбарларынын мазарларын сыйынылуучу жерге айлантышты"; "Аллахым! Мазарымды ыбадат кылынган будда кылба. Пайгамбарынын күмбөздөрүн мечит кылгандарга Аллахтын азабы өтө каттуу болот". маанисиндеги көптөгөн хадисин далил кылып мазарларда ибадат кылууну дос кошуу менен тең көрүшкөн. Алардын оюу боюнча Ибн Теймиййенин оюу багытындадос кошуу болбосо да мазарда намаз кылуу, Аллах жана булар эң чоң дос кошуу жана эң коркунучтуу бидат. Айрыкча Аз. Пайгамбардын "үйлөрүңөрдү мазарга айлантпагыла; кумбөзүмдү майрамдалуучу жер кылбагыла. Мага Салават эткиле; себеби салаватыңар кайсыл жерде болсоңор да мага жетет" Хадисине караганда сооп күтүп Аз.Пайгамбардын күмбөзүнө барып, ал жерде ибадат кылуу болбойт; шерик кошууга себеп болот. Мазарга баруу, ошондой эле буддага сыйынууга да себеп болушу мүмкүн: себеби буддага сыйынуу мазарга баруудан пайда болгондой эврей жана християндар да бир гана бул жолдон адашышкан. Мазарларга жаздыруу , күмбөз жасатуу ж.б. да шерик кошууга себеп болгон эн жаман кыймыл-аракеттер. Ошондуктан мазарга баруу жана күмбөз жасатуу кандай түрдө болсо да сөзсүз тыйылышы керек. Ушуну менен өлгөндөргө жалдыроо, тефессул, көзү ачыктарга, күмбөздөргө

жана көз бойоочуларга ишенүү бидат. Пайгамбардын элесин, тазиз, хирка-и шериф жана сакал-ы шерифтерин көрүүгө баруу бул Аллахтан башкага сыйынуу о. э. шерик кошуу. Делаил-и Хайрат окуу болбойт: себеби бул пайгамбарга сыйынуу түрүндө. Аз. Пайгамбарга салату селам кылынат: бирок муну ыбадат түрүнө келтирбөө, "Сейидуна ве Мавляна" дебөө шарт. Ошондуктан обон менен азан окуу, орозо, жума жана кадыр түндө азандан мурун же кийин таспи тартуу жана дуба окуу да бидат.

Вахабилер бидат деп көптөгөн мубах болгон нерселерге чабуул кылышкан, тыюу салышкан. Мисалы булардан бирөө мевлид жыйындары. Мевлид окуу, окутуу, сүннөт жана нафиле намаздарды окуу да Вахабилер тыйган нерселеринин ичинде. Көз тийбеш үчүн көз мончок тагынуу, тумар тагынуу, бак, таш ж. б. нерселерди ыйык көрүү, Аллахтан башка бирөө үчүн курмандык чалуу. Аллахтан башка бирөө үчүн арноо курмандыгын чалуу. балээнин, оорунун жок болушу үчүн, сулуулук, коoздук ж.б. үчүн талисман, жип ж.б.у.с. нерселерди тагынуу, гороскоп, сыйкыр ж.б.у.с. нерселерге ишенүү жакшы кишилерге, олуяларга сый көрсөтүп, Аллахтан башка бирөөнө жалдыроо, дуба кылуу жана андан жардам суроо бул бидат жана дос кошуу.

Вахабилердин оюу боюнча Аллаха шерик кошуунун жашыруун жана моралдык болгону да бар. Эки жүздүүлүк менен намаз кылуу, диндин баардык тыюуларына баш ийгендик кылуу бул, түрлөрдөн: себеби бул иштер Аллахтан башка бирөө үчүн көрүнүш үчүн кылынууда. Бул адамдын жакшы адам катары көрүнүп пайда көрүүсү да шерик кошуу. Абаны, шамалды согуу да дос кошуу. Мечиттердин коoздолушу, куббе жана мунаранын коoздолушу Аз.Пайгамбардын мезгилинде болбогондуктан булар да бидат. Айрыкча жалгыз намаз кылууга да тыюу салынган. "Намаздан баш тарткан каапыр жана ага динден чыккан деген жыйынтык берилет". Намаздын жамаат менен кылынышы керек. Намаздын жамаат менен эмес жалгыз намаз кылгандардын Эхли-Сүннөт вель-жамаатын жамандалышы жана күнөөлөнүшү жана мечиттеги имамдардын намаздан кийин бир-бирден текшерип жок болгондорго үчүнчү жолкусунда жаңылануу түрүндө тазир жазасынын берилиши, Вахабилердин кылган иштерининин ичинде.

Сигарет чегүү жана кофе ичүүнү Ибн Абдилвехаб жамандык деп эсептеген . Сигарет оoздун жытын бузат , жаман жыты менен сармысак жана пиязга окшош, адамга зыян жана эч пайдасы жок. Ошондуктан сигарет жана чылым чеккендерге мастык үчүн кырк таяк урулат. Бирок азыркы мезгилде Ваххабилердин бул түрдөгү тыюулары иш-жүзүнө ашпагандыгы көрүнүүдө.

Ваххабилердин оюу боюнча бидаттарга туура далил Куран деп эсептешет. Кутубу-Ситте деп аталган алты хадис китебиндеги маалымат жана кабар жагынан туура болгон хадистер да далил болот. Шиилер, келяшчылар, мистика аалымдары, ахлакчылар таянган хадистер туура эмес жана далил боло албайт. Куран жана хадиске таянган маңыз жана ишеним жарактуу, башкалары жараксыз. Акыл далил боло албайт. Куран жана Сүннөт түз мааниси менен түшүнүлөт. Бул маанидe мутaшаабихтер да далил, бирок түздөн түз колго алынат маанилендирилет . Бул иште акылды жана тевилди ишке аралаштыруу бидат болуп эсептелет. Аллахтын заты жана сыпаттары тууралуу аятар Вахабилердин оюу боюнча кандай болсо ошондой алынышы керек: мухкем да болсо, мутешабих да болсо, түз маанилерине карай мааниленлендирилиши керек . Уммөттө мурункусу, Аллахтын жана сыпаттарын билгизген мутешабихтерди тевилге жанаштырышкан эмес жана алар Кудайдын өзүн өзгөчөлөндүргөн жана пайгамбарынын да аны сыпаттандырган өзгөчөлүктөрүнүн бар экендигине баш

ийип жана татииге жанашпастан кабыл алышкан. Тевил бидатчылардын иши. Ибн Абдилвеххабдын Аллахтын заты жана сыпаттары темасында Ахмед Ибн Ханбелди тууралгандыгы белгилүү. Мутешабихтердин жана Аллахтын сыпаттарынын заахир маанилери менен болгондой кабыл алынышы бул Аллахтын адам түспөлүнө алып келинүүсү Эхли-Суннет илимпоздору бул тууралуу Кудайдын кийинчерээк болгондорго окшобогондугу мутешабих өкүмдөрүнүн тевил кылынышынын Аллахты тешбих, тежсим жана татилден тензих үчүн жаиз жана ал тургай зарылдуу болгонунда биригишкен. Көрүнүп тургандай эле Вахабилер ширк деп эсептеген бидаттардан көбү чынында адаттан ортого чыккан жана диндин түпкү тамыры чындыгы менен байланышы болбогон аракеттер. Булар адамдын психологиялык дүйнөсүнүн чыныгы тезахир түрүндө көрүлүшү керек. Вахабилердин мазарга барганга каршы чыгуулары далилсиз: себеби Пайгамбар (А.С.В.) мазарга зыярат жасагандай асхаб жана андан мурдакылар да Исламдын бавшталышынан тартып азыркы күнгө чейин мазарларга зыярат кылышкан жана таазим кылышкан . Албетте күмбөздөрдү сыйынылуучу жайга айландыруу арам. Бирок Исламда “амалдар ниеттерге жараша” экендиги унутулбоосу керек. Эч ким мазарга барган кездеги таазимди шерик кошуу деп ойлоого укугу жок болушу керек: себеби зыярат Исламда Аллахтын атына жасалган иш, кызмат жана момундар кимге сыйынганын билишет, себеп менен максатты бири-бирине аралаштырбай турган даражада ыймандуу болуулары керек. Кыскасы динге жана ыйманга, момундардын күнөөсүз кыймыл-аракеттерине алардын көзү менен кароо, баарынан мурда Куран жана Сүннөттүн негизги максатын түшүнүү жана адамзаттын дини болгон Исламды кичинекей уруунунининдей түргө айландыруудан башка эмне менен түшүндүрүлөт ?

4. “Жакшылыкка буйрук кылуу жана жамандыкка тыюу салуу” бүтүн Ислам агымдарына таандык болгон Кураны Керимдин буйругу. Ошентсе да, ар агымда ар кандай түшүнүктү берет. Бул жагдайда Ахли Сүннөт инсандар арасында талаш-тартыш (чыр-чатак) туудурбоо жана башаламандыкка себеп болбоо үчүн макул көрүлгөн жолду тандаган, ошону менен бирге,бул ишти ар бир мусулмандын шарттарына моюн сунуп аткарууларын талап кылган. Айрыкча, Ахли Сүннөт “Аллахтын элчисинин мойнуна жүктөлгөн динди жайылтуу (инсандарды динге үндөө)...” (Маиде сүрөсү, 99) аятынын негизинде Аллахтын буйрук кылган иштерин аткарууну,ал эми тыюу салган иштерин да жасабоону ар бир мусулмандын эсине салууга аракеттенген. “Жакшылыкка буйрук кылуу, жамандыкка тыюу салуу” түшүнүгүн Харижилер жана бүгүнкү күндө жашап жаткан Ибадийе агымы мусулмандар менен согушуу деп кабыл алышкан. Бул түшүнүктөрү менен Вахабилерге өрнөк болушкан. Вахабилер Куран жана Сүннөттөн сырткары ар кандай жаңы нерсени бидат деп эсептешкендерди жана бул бидаттарга кабылгандар менен согушуу Курандын “(Эй Мухаммеддин үммөтү) Адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар. Анткени силер жакшы иштерге буюрасыңар, жаман иштерден кайтарсыңар жана Аллага ыйман келтиресиңер. Эгер китеп берилгендер да ыйман келтиришкенде өздөрү үчүн жакшы болоор эле. Алардан момундары ( бирок) алардын көбүрөөгү баш ийбес кимселер” (Али-Имран сүрөсү, 110) аятынын туура экендигине ишенгендиктери үчүн, өздөрү сыяктуу ойлонбогон мусулмандарга каршы кылыч чабуудан баш тартышкан эмес. “Ибн Абдулваххабдын өмүр баянын жазган Ибн Ваз бул жагдайда төмөндөгүдөй деп жазган: ”Акылдуу инсан далилден пайдаланат, чыныгы далилдерди кабыл

алат. Сабатсыз түркөй инсан өзүнүн напсисин тыя албайт, аны кылыч менен туура жолго салууга болот. Ибн Абдулваххаб да ушундай чакырык (дават) жана жихадка аракет этип умтулду... Ал өмүрүнүн аягына чейин согуш, (жихад), дават коргоо, Аллах жолундагы согуш, Аллах жана Пайгамбардан үлгү алууга ж.б. мусулмандардын иштери менен жашап өткөн". Жакшылыкка жанаштыруу жамандан алыстатуу түшүнүгүнүн, ар түрдүү бидатты өзүнө камтыйт. Ишенген Вахабилердин өтө катаал болушуна шарт түздү.Мусулмандарды соңку кылымдарда Харижи түшүнүгү менен Катиб Челеби (1659) бул боюнча мындай дейт: Бидаттар, калк арасын орун алып адатка айланган кезден тартып аны жок кылуу мүмкүн эмес. Бир бидат элге аралашып, жуурулушуп кеткенден кийин шариаттын жактырган нерсеси буйруп, жактырбаганына тыюу салуу акмактык жана түркөйлүк. Калк, адатка айландырган ишин каалаcа сүннөт, каалаcа бидат болсун эч убакта таштабайт. Бирөө колуна кылыч алып, баардыгынын башын алсын. Мисалы, Этикаттагы бидаттар үчүн суний падышалар канча уруш-талаш чыгарышты, эч кандай пайдасы болгон жок. Амалдагы бидаттар үчүн ар мезгилде өз доорунун агымдары чыгып, калкты бидаттан алыстатууга аракет жасашкан, бирок, пайдасыз болду. Азыр калк адатын таштабайт, эми кудайдын айтканы болот. Бирок эл башкаргандарга , исламдын тартибин сактоо, исламдын шарттарын жана негиздерин коргоо керек.

Молдолор көбүнчө калкка сүннөттү үйрөтүп, бидаттардан алыстатып, жылуу- жумшак насыят кылса милдетинен кутулат. Аллахтын элчисинин дагы милдети да өзүнө билдирилгенди элге жеткирүү болгон. Кабыл алуу калкка байланыштуу, кыстап кабыл алдыра албайсың, кыскасы бул жолдо тереңдеп кабылдоо пайдасыз. Пайгамбарыбыздын доорунан бери келген муундар өздөрүнүн кылган иштерин артына бир кылчайып караган учурда сүннөттөн узак экендиги билинет. Ынсап кылган ар ким өзүн сындаса, сүннөт менен эч кимиси туура келбейт. Көпчүлүк учурда ортого чыккан иштер жана сөздөр эч кандай болушкан эмес. Эми уммөтүнүн шапаатчысы Муххамед Мустафа (с.а.в.) алсыз жана чарасыз уммөтүнүн бидатчы күнөөкөр экендигине карабай, Аллага ишенип Анын бар экендигин кабыл алганы боюнча шапаатчы болсун, күнөөлөрүбүздү кечирсин. Эгер сүннөтүнө жараша иш кылышыбызды талап кылса абалыбыз начар.Бул тескери келүүчүлүк убакыттын жана жердин башка болгонунан келет. Негизи шаар жашоосу жана топтолуп жашоо эрежесине таянат.

Вахабилердин динди түшүнүү түрлөрү:

Вахабизм илгертен бүгүнгө чейин көптөгөн түрлөрдө тевсиф этилген. Кээ бир жазуучулар анын "Мадернист" кыймыл экенин "Ислам реформасын" "Жаңылык жана боштондуктун өкүлө экендигин айтышкан. Ошол эле мезгилде кээ бирлери вахабизм ханбелизм менен харижизмден келип чыккан месхеп деп ойлошкон. "Маамахиф" вахабизм, захрийе б.а. аяттарды өтмө маанилерине карата жооруп болгондой кабыл алган месхептен пайда болгон" дегендер да бар.

Бирок вахабизм кандай түрдө көрүнсө, көрүнсүн белгилүү болгон жагы бул: Вахабизм берки бардык Ислам месхептердей Куран жана Хадисти түнкү катары көрүү менен бирге аларды түшүнүп, иш жүзүнө ашыруу темасында алардан бөлүнгөн жана бир гана Ибн Абдилвехаб жана өздөрү

ишеничтүү деп эсептешкен ой-пикирине байланып калышкан.Бирок бул темада да өздөрү ишенген кишилерге ар дайым байланышкан эмес. Себеби динде алардын ойлору да, сөздөрү да далил боло албайт. Анык эмес, бирок Куран жана Хадистин тевилден алыс захирий өкүмдөрү.

Ошондуктан Аллах жана Расулунан башка арамды арам, алалды алал кыла турган жок; себеби Куран жана Сүннет баш ийиле турган бардык дисциплинаны койгон. Мыйзам коюу же өзүмдөрдү чыгарууда акылга жана тевилге орун жок. Куран жана Сүннөттө белгиленген темалардын аныктыгына негизделет жана эч бир месхебке байланбастан баардыгы Курандын ачыктыгына таянылат. Кураны-Керим анык далил. Ривайет жана Рирайет жагынан туура болгон хадистер далил болот. Мутешабих айеттер да далал, бирок булар тевил этилбестен ачыктыгына жараша өкүм болот. Буларды тевил этип тефсирлөө жамандык. Ошондуктан Аллахтын сыпаттары анык сыпаттары.

Зат жана сыпаттары тууралуу аяттар кандай болсо,ошондой кабыл алынат. Булардан окшош маанилер чыгат деп түшүнүү менен маани берүүдөн качуу туура эмес. Эгер мындай болсо Аллахтын Расулу билгизмек эле.

Кураны Керим жана хадистерди Аллахтын сыпаттарын жана мутешабихтерди бул түшүнүк менен колго алуу күтүлгүс түрдө адамды тешбих жана тесжимге алып барат. Ошон үчүн Вахабисттер оор бирок туура салдырууларга дуушар болушкан. Ибн Абдилвеххабдын ою боюнча согуш эшиги ар дайым жана баарына ачык.
Башкаларды тууроо-бул динден чыгуу. Вахабистер согуш эшигин баарына ачышкан болсо да, жана бир месхебке байланып согуш эшигин баарына ачышкан болсо да жана бир месхебке байланып, согуш эшигин жабуу балакет жана фонатизмди алып келгени айткандарына карабастан, өздөрү фонатизмден кутула алышкан эмес.

Берки жактан вахабисттер амалдык жактан болгондой ыйман тууралсында да ачыктыкка байланышкан. Алардын ою боюнча ыйман башында айтылгандай сөз жана амал көбөйөт жана азаят. "Ыйман жүрөк менен тууроо, тил менен айтуу жана аткаруу". Буга ылайык амал кылбаган адам вахабилердин ою боюнча ыймансыз деп эсептелет. Бул болсо мусулмандардын калкынын ойлорунан алыстап, түздөн-түз Харижилердин түшүнүгүн кабылдануу болуп эсептелет. Кыскасы, вахабисттер Куран жана Сүннөткө кайрылуудай чынында ар мунневер мусулмандын чыныгы кабылданып ишке ашырылышы үчүн аракет кыла турган күнөөсүз түшүнүктү акыры зулум жана фонатизмдин себепкери кылган жана ушуну менен ачык дешкен согуш эшигин, тескерисинче катуулап бекитишкен; себеби диндин ачыкталышында бир ган формага бир канча тар эшиктерге жана көрүнүшкө тагылып калуу чынында фонатизм жана динди кусур кылуу. Фонатизм болсо өзүн жаны дин катары ортого койгондугу үчүн эң азы динсиздик катары зыяндуу.